**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КУСЕЙИН КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 10.23.667 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

Кол жазма укугунда

**УДК: 821:82.7(575.2) (043.3)**

**Ормонова Сабира Камчыбековна**

# Кыргыз айтыштарындагы сатира жана юмор

10.01.01 – кыргыз адабияты

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**БИШКЕК – 2024**

Диссертациялык иш Кусейин Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин Кыргыз адабияты кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** **Көлбаева Мээрим Курманбековна,**
филология илимдеринин доктору, доцент,
Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын
Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият
институнун “Манас”, фольклор жана акындар
поэзиясы бөлүмүнүн башчысы

**Расмий оппоненттер:** **Үкүбаева Лайли Үкүбаевна,**
филология илимдеринин доктору, профессору

**Жумакадырова Карлыгач Мамбетжумаевна,**
Филология илимдеринин кандидаты,
Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча Улуттук комиссиянын Окуу-маалыматтык жана котормо борборунун директору

**Жетектөөчү уюм:** Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Кыргыз тили жана адабияты кафедрасы (715600, Жалал-Абад шаары, Ленин көчөсү, №57)

Диссертация 2024-жылдын 25-июнунда саат 13.00до Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кусейин Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.23.667 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот (Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү, 547). Диссертацияны коргоо боюнча видеоконференцияга кирүү шилтемеси: https://vc.vak.kg/b/102-pms-mzx-ajn

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан (Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспекти, 265а), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч. 547), К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин китепканаларынан (722044, Бишкек ш., Ч. Айтматов проспекти, 27) жана Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын электрондук порталынан төмөнкү шилтеме боюнча таанышууга болот. https://vak.kg/d_10_23_667/**ormonova-sabira-kamchybekovna/**

Автореферат 2024-жылдын 24-майында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**филология илимдеринин кандидаты** **Ыйсаева Н. Т.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз эли – байыртадан бери бардык башталмалардын башатында сөз турат деп, аны аздектеп, туу тутуп келген улуу эл.

Сөздү аздек туткан элде тил аркылуу жакшыны кубаттап, ашыра мактап, сүрөп, жаманды ашкерелеп, келекелөө менен кыйшыгын түзөп, оң жолго сала турганы да сөз болгон. Башкача айтканда күлкү жаратуу менен жеке адамдын жаман сапаттарын кыйытып жакшы болууга, оңолууга чакырык жасайт. Ал мындай жекече таасирден көтөрүлүп, элдик мүнөз күтүп, социалдык маани алат. "Күлкү – жакшы менен жаманды, акылдуу менен акылсызды, адилеттүүлүк менен карөзгөйлүктү ажыратат. Ал кемчиликтин мергенсичи" [Бапаев, Х. Кыргыз сатирасынын табияты [Текст] Х. Бапаев. – Фрунзе: 1971. – 6-б.] экени ырасталат. Мындан улам күлкүдө эл алдында мазак болуудан качуу, оң сапаттарга каныгуу, жакшы иштерди жасоого умтулуу сындуу тарбиялык чоң маани жатат. Эл ичиндеги күлкүгө карата элдик таасир улам өөрчүп, ал сөз өнөрү аркылуу ишке ашып, тамсил, макал-ылакап сындуу кичине жанрлардан тарта көлөмдүү эпикалык мурастарга чейин күлкү жаратуучу жагдайлар ар бир айтуучу, жаратуучунун максатына жараша көркөм иштелген. Мындан улам мыскыл, шакаба, азил ж.б. элдик күлкү түрлөрүнөн башат алган юмор, ирония, сарказм, гротеск, комедия, фельетон, пародия, памфлет, какшык-кайманалуулук, сатира, юмор сындуу адабий жанрлар жаралган.

Элдик оозеки чыгармачылыктан тарта профессионалдык адабиятка чейинки эволюциялык жолдо ар бир адабий жанр мазмун, формалык өзгөрүүгө учураган сымал айтыш жанры да, андагы сатиралык, юмордук элементтер да өзгөрүүгө учурап жүрүп отурду. Мындан улам элдик оозеки чыгармачылыктан жазма адабиятка чейинки өнүгүүсүндө өз алдынча чыгармачылык ыкма катары сатира менен юмордун эволюциялык жолун, өзгөчө импровизациялык өнөрдөгү абалын, анын көркөм иштелишин аныктоо зарылчылыгы турат. Мунун өзү биздин ишибиздин актуалдуулугун негиздей турган ***биринчи*** факт.

***Экинчиден***, элибизде төкмөлүктүн төрөсү болгон айтыш өнөрүнүн коом алдында аткарган милдети (көңүл ачуучулук, таалим-тарбиялык, таанып, билүүчүлүк, маалымдоочулук ж.б.) өзгөчө. Өз кезегинде айтыш өнөрүнүн табияты да өтө синкреттүү келип, айрыкча диалогдук формада ишке ашуу менен коомду баштоочулук милдетти өзүнө алууда мыскыл, шакаба, азил, каймана сүрөттөө, какшык ж.б. күлкү жаратуучу каражаттар абдан көп пайдаланылат. Төкмө акындардын чыгармачылык өнөрканасында күлкү жаратуучу жагдайлар жана акындардын башка чыгармалары менен бирге айтыштарында сатира жана юмордун көркөм иштелиши же импровизация менен сатиранын, юмордун карым-катышын анализдөө зарыл деп эсептейбиз;

***Үчүнчүдөн***, буга чейин М. Борбугулов (1979), К. Ашымбаев (1975), Х. Бапаев (1967, 1971, 1981), Б. Баймырзаев (2003), К. Мамбеталиев (2011) ж.б.

адабиятчылар кыргыз сатира жана юмору тууралуу эмгектерин жараткан. Бирок, аталган адабиятчылардын эмгектеринде негизинен сатира жана юмордун табияты, эволюциясы, кыргыз сатирасынын тарыхы, сатиралык мүнөз күтүү ыкмалары, айрым акын-жазуучулардын сатиралык, юмордук чыгармаларын анализге алганы менен тигил же бул жанрда т.а. айтыш өнөрүндө көркөм ыкма катары талдоого алынган эмес; ***Төртүнчүдөн***, айтыш байыркы доордон бүгүнкү биз жашап жаткан мезгилге чейин жашап келе жаткан – жанр. Анын адат-салт айтыштары, акындар айтышындагы алым-сабак, табышмак, санат айтыш сындуу түрлөрүндөгү сатиралык, юмордук элементтерди диахронологиялык аспекте талдоо зарылдыгы бар. Мына ушул маселелер биздин ишибиздин актуалдуулугун негиздейт.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий иштер менен болгон байланышы.** Илимий изилдөөнүн темасы К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин илимий иштеринин планына жана ЖОЖдордогу филология адистигинин акындар чыгармачылыгы багытындагы окуу программаларына туура келет.

**Изилдөөнүн максаты.** Айтыш – өнөр жарышы болуу менен мазмун жана формалык өзгөчөлүктөргө ээ өз алдынча жанр. Мындан улам айтышта күлкү жаратуучу кырдаалдар, өнөрлөшүн сөздөн чалып, мазактап, кемчилдигин, кеткен каталыгын күлкү менен шардана кылуучу жагдайлар, сатиралык, юмордук элементтер өзгөчө ыкмада колдонулат. Биздин максат өз алдынча жанр катары айтыш өнөрүндөгү сатира менен юмордун көркөм ыкма катары колдонулушун диахрондук аспектте изилдөө болду. Бул максатты иш жүзүнө ашыруу үчүн төмөнкүдөй **милдеттерди** алдыбызга койдук:

1. Кыргыз фольклорунда, адабият таануусунда сатира жана юмордун акындар чыгармачылыгынын контекстинде изилдениш абалына обзор берүү;
2. Сатира жана юмордун тарыхый-теориялык маселелерин талдоо же акындар чыгармачылыгындагы күлкү өнөрүнүн табиятын, көркөм иштелишин, кызматын талдоо;
3. Кыргыз сатира жана юморунун башаттарын же адат-салт айтыштарындагы (бадик, жар-жар, акыйнек, табышмак ж.б.) ордун көрсөтүү;
4. Акындар айтышынын XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы, совет мезгилиндеги, эгемендик жылдардагы өнүгүүсүндө сатиралык, юмордук элементтерин талдоого алуу, артыкчылыктуу багыттарын белгилөө.

**Илимий иштин жаңылыгы.** Айтыш өнөрү өз алдынча чыгармачылык түр, жанр катары изилденип (Ж.Таштемиров (1989), П.Ирисов (2004), Б.Кебекова (2009), А.Обозканов (2006), М.Көлбаева (2015) ж.б.) келет. Ошол эле учурда кыргыз сатирасы тууралуу да эмгектер (Х.Бапаев (1967, 1971, 1981), М.Борбугулов (1979), К. Ашымбаев (1975), К.Мамбеталиев (2011) ж.б.) бар. Ал эми тигил же бул жанрда т.а. айтыш өнөрүндө, анын ар бир түрүндөгү

(бадик, жар-жар, акыйнек, табышмак, алым сабак, акындар айтышы ж.б.) сатира жана юмордук элементтерди аныктап, чыгармачылыктагы көркөм ыкма катары өзгөчөлүктөрүнүн талдоого алгач ирет алынып жатышы иштин жаңылыгын негиздейт.

**Изилдөөнүн теориялык мааниси.** Бул диссертациянын илимий тыянактары, табылгалары жалпы эле кыргыз акындар чыгармачылыгынын залкар өкүлдөрүнүн өнөрканасын, алар жараткан көркөм-адабий туундулардагы сатиралык жана юмордук элементтерди көркөм ыкма катары талдоодо мындан кийин жүргүзүлүүчү изилдөөлөргө теориялык көмөк, таяныч болуп бере алат.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Диссертациядан алынган илимий жыйынтыктар, ойлор акындар чыгармачылыгынын табияты, айтыш өнөрүнүн мүнөзү, төкмөлүк өнөр менен алектенген өнөр адамдарынын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү тууралуу эмгектерди жаратууда пайдаланылат. Ошондой эле жалпы билим берүүчү орто мектептердин жогорку класстарындагы адабият сабактарында (өзгөчө эл ырчыларынын чыгармачылыгын окутууда), жогорку окуу жайларынын акындар чыгармачылыгынын тарыхы, 19-20 - кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы курстары боюнча лекция, семинардык сабактарды өтүүдө изилдөөнүн материалдары практикалык өңүттө кеңири колдонулат.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. Айтыш – өнөр жарышы, сөз жүйөсүн талашуу. Мындан улам айтышта сатиралык, юмордук каражаттарды колдонуу менен күлкү жаратуучу жагдайды түзүү талабы күчтүү; Айтыш аудитория менен түзмө-түз аткарылып, элдин социалдык абалын ырга кошуп, кемчил жактарын күлкү аркылуу кыйытуу, калк көңүлүн көтөрүү, эстетикалык рахат тартуулоо милдетин аркалагандыктан азил, тамаша, келеке, мыскыл, шылдың, пародия, күйдүргү (сарказм), гротесктик сүрөттөө, достук азил ж.б. сатиралык, юмордук каражаттар көп колдонулат;
2. Акындардын чеберчилигин аныктоодо күлкү жаратуучу касиети негизги критерийдин бири болуп саналгандыктан акындар (төкмө акындар, кол жазма акындары, куудулдар, айтуучулар) чыгармачыгынын мүнөзүнө жараша топторго ажырымдалат. Ошол эле учурда айтыштарды мазмундук жактан жиктөөдө да күлкү негизги критерий катары каралып, тамаша, кордоо айтыштары өзүнчө топту түзөт;
3. Адат-салт айтыштары (бадик, жар-жар, акыйнек, табышмак ж.б.) жолдоштук шарш, азил өндүү сатиранын түрлөрүнүн жаралышын шарттаган;
4. XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы “классикалык” айтыштарда сатиралык, юмордук элементтер жогорку деңгээлде колдонулуп, курч мазак, какшык, сарказм ж.б. каражаттарга бай кордоо айтыштарына басым жасалган; Ошондой эле совет мезгилиндеги айтыштар социалдык маанайда ырдалып, көбүнчө жеңил юмор, шылдыңдуу күлкүгө ээ болсо;

Эгемендик жылдардагы айтыштарда сатиралык элементтер өзгөчө демократиялык коомдун күңгөй-тескейин, базар экономикасынын кемчил жактарын чагылдырууда көрүнөт.

**Изденүүчүнүн жекече салымы**. Изилдөөнүн темасына байланыштуу илимий-теориялык, фактылык маалыматтарды талдоого алуу аркылуу жетишилген илимий корутундулар изденүүчүнүн жекече салымы болуп саналат.

**Изилдөөнүн апробацияланышы.** Диссертация К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин Кыргыз адабияты кафедрасында (5.12.2023) илимий талкуудан өткөн. Мындан сырткары эл аралык, республикалык деңгээлдеги илимий-практикалык конференцияларда (Эл аралык IX Музыка жана бий конгресси, 20-25-апрель, 2022. Бишкек; Түркі халықтарының авторлық аузша поэзиясы және әдебиет аралық байланыс аттуу Эл аралык конференция, 2-март, 2024. М.Н.Гумилев университети, Астана) докладдар окулуп, илимий макалалар коомчулукка сунушталган.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы.** Иштин негизги жоболору РИНЦ (Российский индекс научного цитирования) тутумуна кирүүчү Кыргызстандын илимий журналдарында чагылдырылып, 10 (он) макала жарык көргөн. Жалпы баллы – 176.

**Диссертациянын түзүлүшү.** Диссертация үч баптан, киришүү, корутунду, колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Иштин көлөмү - 173 бет.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Диссертациянын киришүү бөлүмүндө иштин жалпы мүнөздөмөсү, теманын актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, жаңылыгы, теориялык жана практикалык мааниси, коргоого коюлган негизги жоболор жана изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробоцияланышы берилди.

Диссертациянын биринчи бабы **“Сатира жана юмордун теориялык негиздери”** деп аталып, 3 бөлүмдөн турат. Бул бапта айтыштардагы сатира жана юмордун изилдениш тарыхы, теориясы, калыптанышы жана акындар айтышынын өнүгүшү, түрлөрү, сатиралык, юмордук элементтер каралды.

Биринчи баптын биринчи бөлүмү **«Сатира жана юмор: тарыхый негиздери, теориялык маселелери»** деп аталат. Сатира – баардык мезгилдерде коомдогу болуп жаткан социалдык, саясий, маданий, тарыхый процесстер менен тыгыз байланышта өнүгүп, ошол чөйрөгө, түзүлүшкө ылайык келбеген иш аракеттерди, көрүнүштөрдү, адамдардын жагымсыз мүнөздөрүн, сапаттарын күлкү аркылуу сынга алган чыгармалар. Сатиранын лирика-эпикалык кичи жанр катары калыптанышынын башаты антикалык цивилизацияга барып такалып, Байыркы Рим адабиятында кеңири кездешет. Сатиранын элементтери байыркы мезгилде эле көпчүлүк элдердин маданиятында белгилүү болгон. Байыркы Грек адабиятында сатиранын пайда болуу мезгили б.з.ч II миң жылдыкка тиешелүү болуп, андан бери сатира

Европа жана Азия өлкөлөрүндө жалпы эле адабияттын өнүгүү тенденцияларынын алкагында жанр катары калыптанууга жетишти.

Сатира адабияттын бир жанры, формасы, эстетикалык категория катары белгилүү жана ал реалдуу турмуштук көрүнүштөрдү көркөмдүк пафос, юмор менен чагылдыруу принциптеринин бири. Сатира сарказм, ирония, гипербола, пародия, аллегория, юмор сыяктуу комикалык ар түркүн каражаттарды колдонуу менен коомдогу көрүнүштөрдү жана адамдардын кылык-жоруктарын адабиятта, искусстводо шакабалап, сындоо деп аныкталат. Сатира табиятынан юмор менен эриш-аркак жаралат жана өнүгөт. Юмор – бул ар-кандай кубулуштардан позитивдик күлкүлүү жактарын көрө, сезе билүү жана ал комизм менен тыгыз байланышта.

Ал эми кыргыз сатирасынын башаты элдик оозеки чыгармачылыктагы эпостордо, жомок, макал-лакап, санат, терме ж.б. жанрларда жатат. Андан бери өнүгүп, акындар поэзиясында, айрыкча айтыш ырларында улам өрчүтүлүп, советтик мезгилде профессионалдык адабияттын өнүгүүсүнүн тендецияларынын чегинде калыптанды.

Сатирага аныктама берүү, аны изилдөө аракеттери Байыркы Рим доорунан эле башталып, кийинки мезгилдерде көпчүлүк адабиятчылардын көңүл борборуна айланган.

Ошентип, сатира бүгүнкү учурда да өз актуалдуулугун жоготпой келе жатат, себеби ал жаралып жаткан доор менен , коом менен тыгыз байланышта.

Биринчи баптын экинчи бөлүмү **“Сатира жана юмордун адабият таануу илиминде изилдениш абалы”**

Бүгүнкү күндө сатира жанрына кызыгуу, теориялык жактан изилдөө, анын өзгөчөлүктөрүн аныктоо максатында жазылган илимий эмгектер дүйнөлүк адабият таануу илиминде арбын, бирок ошол эле учурда бул жаатта тереңирээк изилденүүчү маселелер бар экениндигине адабиятчылардын сатиранын теориясына кызыгуусу, изилдөөлөрдүн уланып алат. 

Орус адабият таануусунда алгачкылардан болуп сатиранын теориялык жактан изилденишинде М. М. Бахтин (1997), Ю. Б. Борев (1970), Г. Н. Поспелов (1978), А. Макарян (1967), Л. И. Тимофеев (1971), Я. Е. Эльсберг (1957) ж.б. окумуштуулар из салышса, Орто Азия мамлекеттеринин адабиятчылары Е. Маштакова (1977) (түрк), К. Салиханов (1962) (түркмөн), С. Тилабов (2009), Н. Рахимов (1962) (өзбек), Т. Кожакеев (1968, 1985, 1976, 1980), Б. Имаш (2006) (казак) ж.б. да кайрылган.

Кыргыз адабият таануусунда кыргыз сатира жана юморунун генезиси, табияты, түрлөрү, эволюциясы ж.б. маселелерди талдоодо Х. Бапаев (1967, 1971, 1971) К. Асаналиев, Р. Кыдырбаева (2004), А. Эркебаевдер (2004) эмгек кылышса, адабиятчы К. Мамбеталиев (2011) докторлук диссертация коргогон. Кыргыз адабият таануусунда сатира жана юмор теориялык, эволюциялык обзордук мүнөздө иликтенген. Демек, диссертациялык иш кыргыз сатирасынын элдик оозеки чыгармачылыктагы, акындар поэзиясындагы абалын, айтыштарда көркөм ыкма катары колдонулуш өзгөчөлүктөрүн жанрдын эволюциясын жетекке алуу менен талдоого багытталды.

Биринчи баптын үчүнчү бөлүмү **«Кыргыз айтыштарындагы сатиралык жана юмордук каражаттарды колдонуунун мүнөзү».** Сатира жана юмор айтыш өнөрүндө эң маанилүү ролду ээлеп, анын ажырагыс бир бөлүгү болуп саналат. Сатира менен юмордун айтыштагы орду көркөм-эстетикалык, социалдык, психологиялык аспектер менен байланышта. Айтыш искусствосу адат-салт ырлары, элдик чыгармачылык, поэзия, лирика, төкмөчүлүк жана башка бир топ өнөрлөрдү, анын ичинде сатира менен юморду өзүнө камтуу менен синкреттүүлүк мүнөзгө ээ.

Айтыштын түйүнү, маани-маңызынын негизи – турмуш чындыгы. Ошол себептен айтыш чыгармаларын сатира жана юморсуз элестетүү кыйын. Эл турмушунун оң жана терс жактарын чагылдырып, сындап, коомдогу көмүскө же көрүнүктүү маселелерди козгогон айтыш өнөрүндө сатира социалдык аспекте каралышы мүмкүн. Ал эми юмор менен айтыш чыгармасынын көркүнө көрк кошуп таамай, курч-куйкум сөздөрдөн турган ыр саптардын жаралышы сатиранын көркөм-эстетикалык ордун белгилейт. Ошол эле учурда сатира жана юмор айтыштын мазмунунун таалим-тарбиялык маанисинин өнүгүүсүндө чоң роль ойнойт. Жалпысынан, сатиралык айтыш угармандарга эстетикалык ырахат тартуулап, психологиялык чыңалуудан арылтып, маданий-руханий жактан өсүшүнө түрткү болот. Сатира жана юмордун айтыштагы эстетикалык, социалдык, саясий, психологиялык, маданий аспектери коомчулук үчүн чоң мааниге ээ.

Акындар чыгармачылыгындагы негизги жанрлардын бири – айтыш. Анын аткарылуу ыгы, негизги максаты, диалогдук ыр куроо формасы, синкреттүү табияты өзгөчө болгондуктан күлкүлүү абалды түзүү, ойду берүүнүн ийкемдүү ыкмасы катары сатиралык, юмордук колдонулушу да өтө татаал. Мындан улам кыргыз айтыштарын мазмундук-тематикалык жактан жиктөөдө тамашалуу айтыштар, кордоолор жанрдын өзүнчө тобун түзөт.

Демек, айтышта сатиралык, юмордук элементтерди ыгы менен колдонуп, айтышты көркүнө чыгара аткаруу акындын жеке чыгармачылык талантынан көз каранды.

Экинчи бап **«Кыргыз айтыштарынын түрлөрүндөгү сатира менен юморду изилдөөнүн объектиси, предмети жана методологиясы»** деп аталып, үч параграфтан турат. Бул бапта кыргыз айтыштарын изилдөөнүн объектисин, предметин, методдорун аныктоо менен, адат-салт (бадик, жар-жар, акыйнек ж.б.) айтыштарындагы, акындар айтыштарындагы түрлөрдөгү (алым-сабак, тамаша, кордоо ж.б.) сатиралык, юмордук көркөм каражаттар, кыргыз айтыштарындагы күлкү жаратуучу жагдайлар талданды.

Экинчи баптын биринчи бөлүмү **«Кыргыз айтыштарындагы сатира жана юморду изилдөөнүн объектиси, предмети, методдору»**.

Кыргыз профессионалдуу адабияты түптөлүп жазма адабияттын жаралышы менен фельетон, жанытма, сатиралык аңгемелер, ырлар жаралып, профессионалдуу кыргыз сатирасы өрүш ала баштайт. Ага чейин күлкү жана күлкү жаратуучу жагдайлар элдик чыгармачылыкта өмүр сүрүп, сатира,

юмордун өсүшүнө негиз болуп байыганы, калыптанганы айныгыс факт. Мындан улам кыргыз сатирасы менен юморунун калыптанышында элдик чыгармачылыктагы кайсы жанр, кандай башат-булак болуп бергенин талдоо зарылдыгы келип чыгат. Ушул зарылдыктан улам элдик чыгармачылыктагы адат-салт айтыштарынан башат алып, төкмө акындарда өнүгүүнүн бийик чегине көтөрүлгөн айтыш жанрынын негизинде сатира, юмордук элементтердин көркөм ыкма катары колдонуу менен жанрдын өнүгүүсүнө мазмундук формалык жактан негиз болуп берүүсүн талдоодо адат-салт айтышарынан тарта акындар айтышынын бардык тексттери иштин **негизги объектиси** болуп берет.

Экинчиден, айтуучунун оюнун түз айтылбай, кайманалуу мааниде, айрым учурда аллегориялык образдар аркылуу шөкөттөлүп ырдалган табышмак, жаңылмач айтыштарды ичине алган адат-салт айтыштары, көбүнчө турмуштагы көзгө көрүнгөн, көрүнбөгөн нерселерди контрасттык ыкмада ырга салып, мыскыл, мазак, айрым учурда какшык аркылуу берип, атаандашын сөз жүйөсүнө жыгууну максат кылган акындар айтышы, акындардын эли-журту, ата-мекени, тууган уругу жана өз керт башындагы көпчүлүккө айтыла бербеген кем-кетигин эл алдына шардана кылып, мазактоо, уяткаруу, жек көрүүсүн билдирүүнү ичине камтыган кордоо айтыштары, каршысынын индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн комикалык түрдө иммитациялап, күлкү жаратууну максаттаган тамашалуу айтыштар, ошондой эле каршысынын жасаган иштерин, өзүнүн адамдык сапаттарын ашыра (гиперболалык) же тескерисинче киричейтип (литоталык) сүрөттөөлөрдү пайдаланган мактоо айтыштары **изилдөөнүн предметин** түзөт.

Айтыш – элдик өнөр. Болгондо да турган жеринде чыгарманы жаратып, аспап, обон менен коштоп, эл алдында аткарыла турган синкреттүү өнөр. Анда айтыш өнөрүн жараткан акын, ырчыны турган жеринде өнөр жаратып, обон, аспап менен коштоп, эл алдында аткарып, ар өнөрдүн башын кошкон уникалдуу чыгармачыл инсан экендигин көрсөтөт. Мындан улам акын, ырчынын чыгармачылыгы өнөр таануунун принциптерине айкалыштырып изилдөө зарылдыгы келип чыгат. Ошондой эле күлкү жаратуучу жагдайлар, аудиториянын акынга таасирин, сүрөөнүн, кол чабуусун эске алуу менен каршылашынын соболдоруна жооп даярдоо, мурунку айтуучунун ырдоо ыкмаларына шайкеш болуу сындуу бир катар психологиялык абалдар да эске алынуусу кажет. Мунун өзү айтыштагы сатиралык, юмордук элементтерди талдоого алууда терең, жана көп кырдуу изилдөө предмети бар экенин билдирет. Демек, биз адабият таануу, маданият таануу, психология ж.б. илимдердин принциптерин айкалыштырып изилдөө менен жакшы илимий натыйжаларга жетише алабыз. Жыйынтыктай келсек, биздин изилдөөбүздүн **методологиясы** орус, казак, түрк, түкмөн ж.б. түрк тилдүү элдердин окумуштууларынын сатира, юмор тууралуу эмгектериндеги жанрдын элдик чыгармачылыктагы башат алуусу, тигил же бул жанрдагы сатира менен юмордун көркөм ыкма катары колдонулушу тууралуу илимий жыйынтыктарына негизделди.

Экинчи баптын экинчи бөлүмү **«Адат-салт айтыштарындагы сатира жана юмордук башаттар (“бадик”, “жар-жар”, “акыйнек” айтыштары)»** Жар-жар, бадик, акыйнек сыяктуу элдик айтыш ырларында юмордун, сатиралык элементтердин орду чоң. Анда айтуучулар турмуштагы көзү көрүп, көкүрөгү менен туйган, көзүнө өөн учурап, элдик наркка туура келбеген жагдайларды, турмуштук көрүнүштөрдү куйкум сөз менен келекелеп, шылдыңга алат. “Келеке, шылдың, же шакаба бүгүнкү адабий тил менен айтканда ирония деген түшүнүккө маанилеш келип, өткөн доорлордо оозеки адабиятта кеңири тараган сатиралык форма” [Баймырзаев, Б. Кыргыз сатирасынын айрым актуалдуу маселелери [Текст] / Б. Баймырзаев – Бишкек: Бийиктик, 2003. – 11-б.] экенин адабиятчылар белгилешет. Бадик айтыштарда элдик ишенимге негизделип жаман дартты көчүрүү, кубалоо процесстеринде мазак, шылдың, күлкү, азил сындуу каражаттар колдонулган. Ал эми жар-жар ырлары салт-жөрөлгөлөргө негизделип, үйлөнүү үлпөтүндөгү шаң-салтанатты ашыруу үчүн күлкү жаратуучу жагдайларда сатиралык, юмордук татымы бийик айтыштар ырдалат.

Адат-салт айтыштарынын ичинен өзгөчө шакаба-шылдыңга бай, басынтуу, кордоо сыяктуу элементтерди өзүнө камтыган айтыш – акыйнек. Акыйнек, негизинен, өспүрүмдөр арасында айтылган. Анда маанилүү маселелер, философиялык ойлор чагылдырылбайт. Акый айтышкандар өз тарабын мактап, каршысындагы өнөктөшүн кордоо, шылдыңдоо, кемчиликтерине басым жасоо менен гана чектелет. Бир жаат экинчисинин кемчиликтерин айтып, көбүнчө, социалдык тегин мыскылдоого басым жасап, атаандашын кордоп, өз тарабын мактап айтышкан.

Социалдык абалга байланыштуу айтылган акыйнектерде, негизинен, бири-биринин ата-тегине, алардын социалдык абалына басым жасалган жана ошондой эле аткаруучунун жеке сапаттары да сынга алынып ырдалган.

**Байдын кызы:**

Узун чыбык колго алып,
Уй айдаган сенин атаң.
Кыска чыбык колго алып,
Көп жандаган менин атам.
Менин атам сурасаң,
Тойго минген тор аттай.
Жакшы кийим кийинип,
Топчуланган манаптай... [Кыргыз поэзиясынын антологиясы. I том, [Текст] / Түз.: К. Жусупов. – Бишкек: Кыргызстан Сорос фонду, - 1999. - 704 б., 46-бет.]

Байдын кызынын сыпаттоосу алардын социалдык абалына байланыштуу ырдалып, антитезалык ыкмада өз атасын мактоо, жардынын кызынын атасын карама-каршы сүрөттөп, келекелөө, басынтуу, мазактоо орун алат. Демек, адат-салт айтыштарында сатиралык, юмордук маани толук сакталбаса дагы

мазак, келеке, шылдың ж.б. элементтер орун алып, жанрдын өнүгүшүнө кайсы бир деңгээлде өз салымын кошуп турат.

Жалпысынан алып караганда жар-жар, акыйнек, бадик сыяктуу элдик айтыш ырларында юмордун, сатиранын орду чоң. Мындай айтыштар элдик ишеним, ынанымдар менен синкреттешип, салттык жөрөлгөлөр менен байланышта аткарылып, чогулган элдин маанайын көтөрүүгө, кумар кандырып, эс алуусуна багытталуу менен жаш муундарды сөз өнөрүнүн табиятын түшүнүүгө, сатиралык, юмордук табитин калыптандырып, өз оюн далилдүү, негиздүү айтууга өбөлгө болгон.

Экинчи баптын үчүнчү бөлүмү **«Табышмак айтыш, кыз-жигит айтыштарындагы сатира жана юмор».** Кыз жигиттин айтыштарында биринчиден, кызга сөз салуу, жигитти же кызды дароо кабыл албоо, өң-келбетин, адамдык сапаттарын, ички маданиятын сындан өткөрүү ж.б. жагдайлардан улам юмордук, сатиралык элементтер кошулган ыр куралса, экинчиден, кыз оюндар, жаштардын сармердендери дайыма шаң-салтанат менен өткөндүктөн карап тургандардын жарпын жазуу, күлүүгө мажбур кылуу, көңүл маанайын көтөрүү максатында күлкү жаратуучу жагдайлар колдонулат, үчүнчүдөн, кыздын же жигиттин көңүлүндөгүсү орундалбай калган учурларда какшыктуу, мазактуу, шылдыңдуу ыр куралган. Кыз-жигиттин айтышында бир топ жагдайлардан (кызды же жигитти сыноо, көңүлүнө толбогон кызды же жигитти шылдың, мазакка алуу, үлпөттүн шаң-салтанатын ашыруу ж.б.) улам сатиралык, юмордук каражаттар колдонулат.

Табышмак айтыш жаш өзгөчөлүгү жагынан бир топко барып, ырчылыгы төшөлүп калган акындар арасында айтылгандыктан түз айтылган мазак, келекелөө эмес, кыйытма ой, подтексттик маани менен айтылган сатиралык каражаттар (какшык, мыскыл, аллегориялык салыштыруулар ж.б) аркылуу курулат.

Ошентип, табышмак айтыштарда айтыш куруп жаткан эки тараптын психологиялык абалы, табышмактата коюлган соболго чалынбай түз маани-маңыздуу жооп берүү ошол эле учурда өткүрлүк, сезимталдыкты талап кылат. Демек, адат-салт айтыштарында күлкү жаратуучу жагдайлар элдик ишенимге, салт-жөрөлгөлөргө, наркка негизделип, ошол эле учурда ар бир айтыштын мүнөзүнө (табышмак, чечен, бадик ж.б.), аткаруучулардын жаш өзгөчөлүгүнө (акый, кыз-жигит, сармерден ж.б.) жараша сатиралык, юмордук каражаттар колдонулары ачыкталды.

Үчүнчү бап **"Акындар айтышындагы сатира жана юмор"** деп аталып, үч бөлүмдөн турат. Анда XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы, совет доорундагы жана эгемендик мезгилдеги акындар айтыштарындагы сатира менен юмордун көркөм иштелиши талдоого алынат.

Үчүнчү баптын биринчи бөлүмү **«XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы акындар айтышында сатира менен юмордун көркөм иштелиши».** Акындар айтышы – турган жеринде ыр курап, аны эл алдында кандай, жагдай шарт болбосун обон, аспап менен коштоп оозеки ырдашуу. Анда өнөр жарыштыруу, сөз жүйөсүн талашуу башкы орунда турат. Мындан

улам айтышта күлкү жаратуучу жагдайды түзүү, сатиралык, юмордук каражаттарды колдонуу талабы күчтүү. Кыргыз айтыш өнөрүндө сатира жана юмордун жогорку деңгээлде, эң мыкты даражада берилиши, биздин оюбузча, 19 - кылымдын аяк жагы 20 - кылымдын башындагы “классикалык доор” деген аталыштагы этаптагы акындарынын чыгармачылыгында айкын байкалат. Бул мезгил аралыгында акындар чыгармачылыгында орчундуу орду бар Калыгул, Арстанбек, Айтыке, Чоңду, Эсенаман, Найманбай, Молдо Кылыч, Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы, Казыбек Мамбетимин уулу, Калык, Эшмамбет, Коргоол, Нурмолдо ж.б. атактуу акындардын чыгармалары менен белгилүү.

19 - кылымдын аяк жагы 20 - кылымдын башындагы төкмөлүк өнөр өнүгүүнүн бийик чегине көтөрүлүп, “классикалык үлгүдөгү” айтыштардын жаралгандыгы ошол учурдагы кыргыз жергесинде таптык карама-каршылык күчөшү, ага ылайык акындардын ар бир топтун жеке ырчысына айланып, мындан улам төкмө ырчыларда ашкерелөөчү мотивдеги ырлар, сатиралык, юмордук каражаттар (какшык, мыскыл, такмаза ж.б) менен куралган курч мүнөздөгү айтыштар, кордоолор жаралган. Себеби, ошол замандын ак-карасын ырдоо, оң-терс көрүнүштөрдү ачыктап, заман көйгөйүн көтөрүүнү төкмө ырчылар өз милдети катары билишкен. Анын үстүнө сатиралык, юмордук жагдайлар “көбүнчө күлкү менен чүмбөттөлүп, оюн-тамашанын ортосунда оюндагысын айтып алууга мүмкүнчүлүк түзгөн. Экинчиден, элдик сатира, юмордо чындык каймана мүнөздө, жалпы мааниде айтылгандыктан, ар ким башкалар жөнүндө айтылып жаткандай түшүнүп, өздөрүндө андай кемчилик жок сыяктуу өзүнө-өзү күлүп, өзүн-өзүн шылдыңдап кала берген. Ошондой эле элдик сатирада багытталып жаткан идея конкреттүү бир адамга эмес, бир топтогу, мүнөздөгү адамдарга арналгандыктан, ар ким өзүнө алуудан алыс болгон” [Закиров С. Акындар поэзиясындагы реализм проблемасы. Китепте: Кыргыз адабиятынын актуалдуу маселелери. [Текст] / С. Закиров. – Фрунзе: 1988. – 32-33-б.]

Классикалык доордун акындары өз мезгилинин актуалдуу маселелерин, коомдук пикир жаратуучу, эл үчүн маанилүү ой-пикирлерин санат, насаат, терме, табышмак айтыштарда гана эмес тамашалуу сатиралык нуктагы айтыштарда каймана, какшык түрүндө да билдире алышкан. Мындай айтыштардын арасында Токтогул менен Калыктын Баракбай сүткөр тууралуу ыры да бар. “Жардысынан малданган, сүткордукка алданган, ашта-тойдо көп чыгып, алып жүргөн балбандан — Баракбай деген киши бар экен. Током баштатан бардык ырчы дайынын билип тамашалашып жүргөн теңтушу экен” [Айтыш: Токтогул, Ботобай. Калмырза ж.б. [Текст] / түзг.: А.Акматалиев, М.Көлбаева. – Бишкек. Имак-Офсет, 2015. 2 Т. – 147-149-б.] – деп Калык эскергендей, сүткорлукту сындаган бул айтыш сатиралык мүнөздө аткарылган:

Токтогул: Сендей сүткор кылгыча,
Койсочу кудай жаратпай
Калык: Аласаңды доолайсың,
Аттанып алып таң атпай.

Токтогул: Кесирленип калыпсың,
Шатманаалы манаптай.
Калык: Казы алыпсың кардыңа,
Баке, сүзмө куйган чаначтай. [Айтыш: Токтогул, Ботобай. Калмырза ж.б. [Текст] / түзг.: А.Акматалиев, М.Көлбаева. – Бишкек: Имак-Офсет, 2015. – 2 т. – 147-149-б.]

Сатиралык мүнөздө аткарылган акындар айтыштарында какшыктоо, кордоо, кемсинтүүдөн башка да көп кездешкен ыкмалардын бири салыштыруу болуп эсептелет. Дүйнөлүк сатира тарыхында кеңири тараган бул ыкма негизинен адамдын кылык-жоруктарын кандайдыр бир жаныбар менен же башка объектилер менен теңештирүү, салыштыруу болуп саналат. Мындай салыштыруулар сатиралык чыгармага өзгөчө шөкөт берип кептин маанисин тереңирээк ачып бергенге шарт түзөт жана аудиторияны түшүнүктүүлүгү, жеткиликтүүлүгү жана күлкүлүүлүгү менен өзүнө бурары айкын. Классикалык доордун акындары өзгөчө чечендиги, импровизатордук кайталангыс таланты жана аналитикалык, көркөм образдык ой-жүгүртүүлөрү менен өзгөчөлөнүү менен салыштыруу ыкмасын байма-бай колдонушканы байкалат.

Акындардын айтыштарындагы сатиралык, юмористтик касиет алардын чыгармачылыгын, чеберчилигин аныктоочу бир критерий дей алабыз. Мындан улам айтыштарды мазмундук жактан жиктөөдө тамаша айтыштары, кордоо айтыштары өзүнчө бир топтогу айтыштар катары бөлүнүп турат. Ошондой эле 19-кылымдын аяк жагы 20-кылымдын башындагы “классикалык доордогу” акындардын айтыштарында айрыкча кордоо айтыштарда курч какшык, өткөрө ырдалган мазак, гротесктик сүрөттөөлөр көп колдонулат.

Жалпысынан алганда, айтыш өнөрүнүн өнүгүүсүнүн жогорку деңгээлине жеткен 19-кылымдын аягындагы 20-кылымдын башындагы мезгилдеги акындар айтыштарында өнөрдүн көркүн чыгарып, элдин жарпын жазып көңүлүн ачууга шарт түзгөн сатириктик шык, комикалык образдуу ой-жүгүртүү, юмордук сезимталдык сапаттар бул доордун акындарына мүнөздүү болуп, алардын бөтөнчөлүгүн негиздейт. Демек, «классикалык доор» аталган бул мезгилдеги айтыш өнөрүндөгү сатиралык, юмордук элементтердин көркөм иштелиши дагы «классикалык» үлгүдө, жогорку деңгээлде болгон.

Үчүнчү баптын экинчи бөлүмү **“Совет мезгилиндеги айтыштардагы сатира жана юмор»** деп аталат.

Буга чейинки доорлордо айтыштар аш-тойдо, элдик жыйындарда, калк көп чогулган иш-чараларда бет келген акыны менен ырдашып, чыныгы өнөр тартуулаган чыгармачылык жол заман талабына ылайык мазмун формалык жаңылануюуга дуушар болду. Байыркы какшык, такмаза, кордоо мүнөзүндөгү сатиралык, юмордук элементтерди арбын колдонуп, эч кандай даярдыксыз ырдалган айтыш өнөрү эми пландуу, көрсөтмөлүү жолго түштү.

Башта ар бир бай-манаптын эшик ырчысына айланган “Арзымат” акындар менен элдик мүдөөнү айткан чыныгы акындардын өнөр тиреши болсо совет мезгилинде жаңы турмуштун, коллективдик чарбанын пайдасына үлүш кошуудан баш тарткандарды, эмгектен ийгилик көрсөтө албагандарды, окуу-билимден качкандарды ашкерелеп, жаңы турмуштун ийгиликтерин даңазалап, “акындар ким-кимиси менен, кай жерде айтышары белгилүү болгон жагдайда, а түгүл кимиси баштап, кантип улантылары белгилүү болгон алдын-ала жасалмалуу айтыштар ырдалган. Мындай жасалмалуулуктан улам айтышуу мурунку мүнөзүн таштап жөн гана форма катары кабыл алынып калган” [Көлбаева, М. К. Айтыш өнөрүнүн табияты (эволюция, жанр, поэтика) [Текст]: дис. … фил. ил. докт.: / М. Көлбаева. – Бишкек: 2015. – 155-б.]. Мисалы, Токтосун менен Эстебес “Эмгек бакыт – эмгек даңк”, “Биз ким элек ким болдук”, “Кут болсун элим сыйлыгың”, “Таш-Көмүр совхозунун пахтачыларына арноо”, Эстебес Турсуналиевдин “Ысмайыл акын экөөбүз Нарында”, Токтосун менен Эстебес “Эл ырчысы элүүдө”, “Силерге кайрылабыз” (окуучуларга), “Кызылчачыларды куттуктоо”, Эстебес, Токтоналы, Тууганбай “Жаңы жылды куттуктоо” ж.б.у.с. айтыштардын бир тобу жаралган. Аталыштарынан эле көрүнүп тургандай импровизациялык өнөрдүн пассивдешип, атайын даярдалган сценарий боюнча айтышуу ыкмасынын жайылышы жана жалпы эле маданият өкүлдөрүнө советтик социалисттик идеологиянын алкагынан чыгуу мүмкүн болбогону (кооптуу болгону) сатиралык элементтердин айтышта колдонулушун да басаңдатты.

Бул мезгилде айрым тамашалуу айтыштарда совет мезгилинде жаңы нукка түшүп учурдун талабына ылайык тематикалык өзгөрүүлөргө дуушар болуп, саясий-агитациялык, арноо, куттуктоо сыяктуу айтыштын бир топ жаңы идеялык-тематикалык нуктагы түрлөрү жаралы. Жалпысынан караганда бул мезгилдин айтыштарынын негизги багыты социалисттик курулуштун жетишкендиктерин даңазалоо, ийгиликтүү иш алпарган колхоз-совхоздорду мактоо менен элди эмгекке үндөө, комунисттик идеологияны агитациялоо болду. Мындай шартта юмор менен сатиранын элементтеринин курч формаларын колдонуу көпчүлүк учурда ылайыксыз болгону мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бирок, ошондой болсо дагы айрым бир айтыштарда жеңил юмордук, ирониялык маанайда айтылган сатиралык каражаттар жок эмес.

Сатиралык, юмордук элементтер негизинен кыргыз элинин советтик жай турмушун чагылдырган жайынча мүнөздөгү айтыштарда жеңил мүнөздө ырдалган. Мындай айтыштарда эки акындын чымчыкейлери, жумшак юмор менен тамашалашуу маанайындагы айтыштарда кездешет.

Адабиятчы А. Обозканов: “тамашалуу айтышта ырчынын суроого так кесе жооп кайтаруусунан тышкары атаандашына тике сын коё билүү, тамашаны таап айтуу, жагымдуу юморго, азилге, кыйытылган какшыкка,

а түгүл калпты чындай кылып эбин таап айта салган эпчилдиги чоң мааниге ээ” [Обозканов, А. Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкерттүү табияты [Текст] / А. Обозканов – Бишкек: Шам, 2006. – 77-б.] – деп белгилегендей жайынча айтыштарды жаратууда дагы эл көңүлүн көтөрүү үчүн айтылган азилдерде ошол учурдагы коомдук көйгөйлөр кошо ырдалып өтөт. Кыйытма ой менен көпчүлүктүн мүдөөсүндөгү элдик маселелер тууралуу коңгуроо кагат. Эң башкысы ырда кандай маселелер болбосун калк көңүлүн ачууга басым жасалат. Мисалы, Токтонаалы менен Ысмайылдын бир айтышта сакал тууралуу юмордук айтышы мисал боло алат. Мисалы, Токтоналы ыр арасында Ысмайылдын көсөө акын экенин эл алдына шардана кылып:

«Абайлагын чамаңды,
Айтышсам сенден каламбы?
Кара жемсөө, ак каптал,
Көрбөдүм сендей адамды.
Жашыңдан бүткөн адатың,
Кошо келди айыкпай,
Ээгиңде эки кылың жок,
Кум чайкап кеткен арыктай” – деп Ысмайылды сөзгө жыгып, көрөрман журтка күлкү туртуулоону эп көрөт. Анда Ысмайыл акын сакал деген нерсенин өтө зарыл эмес экенин, анын пайдасынан зыяны көп экенин белгилеп, ар бир залакасын ырга салып, сакал тууралуу ыр кураган акындын ар бир сөзүнө жооп кайтарып, аягын күлкүгө айландырат:

“Салттуу акын деп жүрсөм,
Сөз баштадың сакалдан.
Сакалы жок кишини,
Кууйт бекен катардан.
Эки боо кылы ээгинде,
Эчкилер байге ала элек.
Эки кулагы узун деп,
Эшекти эч ким чаба элек.
Көп сакалдуу кишилер,
Көргөзмөгө бара элек” [Борончиев, Ы. Айтыштар. [Текст] / Ы. Борончиев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1962. – 235-б.] – деп тамаша аралаштыра өнөрлөшүнүн соболуна оңбогондой жооп кайтарып, жүйөгө жыгып, элди күлкүгө салат. Кыргыз акындарындагы күлкү жаратып, эл көңүлүн көтөрүүдө чыгармачыл курдаштарына, сахналаш өнөрлөштөрүнө берген сынчыл мүнөздөгү баалары да сатиралык мүнөздө ырдалып, кайсы бир деңгээлде айтыштардын сатиралык татымын күчтөндүрүп турат.

Совет мезгилинде элдик оозеки чыгармачылыктагы, акындар чыгармачылыгындагы калыптанган жанрдык формалардын негизинде (тамсил, жарамазан, айтыш, арноо ж.б.) салттуу ырлардын нугунда сатиралык

ырларды жаратуу (Б.Сарногоев, М.Алыбаев, М.Борбугулов ж.б.) тенденциясы да орун алган.

Демек, совет мезгилиндеги төкмө акындар жана алар жараткан айтыштар мезгил талабына шайкеш келүү менен эмгек алдыңкысын, иште ийгилик көрсөткөндөрдү даңазалоо, илим менен техниканын жетишкендиктерин жар салуу, завод, техника, туннел, прогресс деген өңдүү жаңылыктарды жайылтууга басым жасоо милдеттерин алдыга койсо дагы эски менен жаңыны салыштыра берүүдө, эл көңүлүн көтөрүп, жакшы маанай ыроолоп, учурдун кем-кетигин сүрөттөөдө негизги ыкма катары сатиралык, юмордук элементтер колдонулду. Советтик идеологиянын нугуна туура келбеген иштерди, тоскоол болгон илдеттүү сапаттарды сынга алууда эки жаатка бөлүнүп, жакшы жаманын ырга салууда айтыш жанры негизги ыр жолу, форма, ык катары пайдаланылды.

Үчүнчү баптын үчүнчү бөлүмү **«Эгемендик мезгилдеги айтыштардагы сатира менен юмордун көркөм каражаттарынын колдонулушундагы өзгөчөлүктөр»**.

Кыргызстандын эгемендикке ээ болгон алгачкы мезгилинен тарта азыркы күнгө чейинки убактагы айтыш өнөрүндөгү сатира жана юмордун орду жалпы айтыш өнөрүнүн заман талабына ылайыкташкан өнүгүү тенденциясы менен тыгыз байланышта өнүктү.

Совет мезгилинин гүлдөгөн жай турмушун даңктоого арналып, кыргыз элинин улуттук маданий байлыктарынын унутта калышына түрткү болгон социалисттик реализм 20-кылымга гана тиешелүү стиль катары тарыхта калды жана жаңы доордун өзүнө мүнөздүү болгон белгилери калыптанды. “Айтыш” сериясынын түзүүчүлөрү жазгандай, “Эгемендикти алган алгачкы жылдардан тарта акындардын айтыштарындагы башкы темалардын бири элдин эркиндиги, улут эгемендиги ырга салынып, кыргызды кыргыз кылган чыгаан инсандары, алардын өрнөк болор өмүр жолун даңазалоо иши колго алынды” [Айтыш. Эгемендик мезгилиндеги айтыштар [Текст] / түз.: А. Акматалиев, М. Көлбаева. – Бишкек: Принт-экспресс, 2016. – 6 т. – 3-б.]

Белгилей кетчү нерсе, советтик мезгилинде айтышта калыптанып калган алдын-ала даярдалган темада өтө турган ар-кандай мамлекеттик же коомдук деңгээлдеги юбилейлик маарекелерге, тарыхый инсандарга арналган иш-чараларда өткөн айтыштар формасы жагынан сакталып калды. Бирок, мазмундук жактан өзгөрүүлөр болуп, улуттук көрөңгөлөргө басым жасалган, кыргыз элинин салттык маданияты менен байланышкан айтыштар өткөрүлө баштады. Буга мисал катары Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына, Курманжан Датканын 200 жылдыгына, эгемендик майрамынын 20 жылдыгына, Тарых жана маданият жылына, Нооруз майрамдарына арналган жана белгилүү акындарды эскерүү маарекелери сыяктуу көптөгөн иш-чаралардын өтүшүн атасак болот.  Эгемендик мезгилдеги саясий-экономикалык абалдын таасири астында бир-топ кыйынчылыкка учураган маданият тармагынында айтыш өнөрүнүн жок болуп кетпей өнүгүү жолуна түшүшүндө “Айтыш” фондусунун негизделиши (2001-ж) жана анын

ийгиликтүү ишмердүүлүгүнүн ролу баа жеткис экенин баса белгилеп кетүү абзел.

Мына ушундай шартта айтыш өнөрү замандын реалисттик толук картинасын ачып берүүгө багытталып жаңы нукка түштү жана бул процессте сатира менен юмордун ролу да сөзгө аларлык десек жаңылышпайбыз. Жалпысынан алып караганда эгемендик мезгилдеги айтыштарда сатира жана юмор, көпчүлүк учурда, классикалык доордогудай "чучука жеткирген" өтө курч сатиралык элементтерди колдонуудан алыстыгы, ашкере басынтып кордоо ыкмасына салууну аз жана чектүү колдонулуусу байкалат. Бирок, советтик мезгилдеги айтышка салыштырмалуу эгемендикке ээ болгондон тарта айтыштын тематикалык, көркөмдүк-стилистикалык жактан диапазонунун кеңейишин байкоого болот. Бул, албетте, сөз эркиндиги жана мурдагыдай (советтик) цензуранын жоктугу менен байланыштуу.

Айтыш – табиятынан турмуш чындыгын кандай болсо так өзүндөй сүрөттөөгө багытталгандыктан, ал коомдук жагдайга жараша өзгөрүлүп турары анык. Өзгөчө эгемендик мезгилинин алгачкы этабында социалдык-маданий турмуштагы терс көрүнүштөр же болбосо мурда кездешпеген кандайдыр-бир жаңы коомдук элементтер сынчыл мүнүздөгү айтыштардын кеңири тарашына алып келди. Мындай айтыштарда сатиралык элементтер негизги көркөм каражаттардын бири катары колдонулары талашсыз. «Буруп сүйлөгөн күлөргө жакшы» деп эл арасында айтылгандай, жаңы муундун айтышчылары салттуу ыкмаларды колдонуп каршылашын "сөздөн кармап" анын маанисин бура сүйлөп, күчөтмө түрүнө салып же пародиялаштырып, какшыктоо, ирония, сарказм сыяктуу методдор менен айтышка сатиралык мүнөз беришет.

Мисалы, кыргыз эл акыны Амантай Кутманалиевдин Токтогул менен Эшманбеттин Кара Курман менен айтышканын туурап, ошол формада, стилде "Тойгокул менен Эткээлбеттин Чалакырманга жолукканы" деген учурдагы өнөрлүүлөрдүн айтылбай турган маселелерин подтекстик ыкмада кыйытып, заманыбыздагы акчалууларды, кызматтууларды аллегориялык ыкмада чагылдырган тамсил мүнөзүндө иштелген пародиялык айтышы өзгөчө сөз кылууга арзыйт.

ТОЙКЕ:

Сулуулар жайнайт катарда,
Сулп эттер кайнайт казанда.
Супер той деп ушуну айт,
Суктантпаса начар да.
Суранып ушул акынды,
Сунуштаймын катарга!

ЭТИКЕ:

Ардактайсың качанга,
Аллергия болуп жатам да.
Абийирдүү деп ойлосом,
Айлантты тойду базарга.

Айтышмай болдук кантели,
Айла жок мындай накалга! [Кутманалиев А. Амантайдан ак санат [Текст] / А.Кутманалиев. – Б. 2023, – 458-б. ]

19-кылымдын аяк жагы 20-кылымдын башындагы акындардын айтышында феодалдык коомдогу бай-манаптар менен карапайым элдин байланышынан жаралса, совет мезгилинде советтик баалуулуктардын чен-өлчөмүнөн улам өөрчүп, эгемендик жылдары ашынган демократиянын оң терс мүнөзүнө ылайык сатиралык, юмордук абалдар жаралган.

Демек, эгемендик мезгилинде айтыштар совет мезгилиндегидей көрсөтмөлүүлүктөн алыстап, улуттук дүйнө тааным, улуттук билим-тарбияга багыт алуу менен демократиялык көз караштардан улам учурдагы базар экономикасынын ак-карасын, заманбап жаштардын жүрүм-турумун сынга алган айтыштарда сатиралык, юмордук элементтер арбын ырдалып келүүдө. Ошондой эле эгемендик мезгилдеги айтыштарда ар бир ырчынын сырт келбетине сын айтылган жеңил мүнөздөгү, айрым гана какшык, каймана айтылган айтыштардан, пародиялык ыкмада иштеп чыккан мыкты үлгүлөрү кезигет.

## КОРУТУНДУ

1. Сатира – кандай гана учур болбосун социалдык, саясий, тарыхый процесстер менен байланышта өнүгүп, коомдук чөйрөгө ылайык келбеген иш аракеттерди, адамдардын мүнөз, сапаттарын күлкү менен сынга алган чыгармалар. Анын юмор, ирония, какшык, сарказм, гротеск, кайманалуулук ж.б. көркөм каражаттарынын калыптануу башаттары элдик чыгармачылыкта жатат. Буга чейин кыргыз сатирасы тууралуу Х.Бапаев, К.Асаналиев, А.Эркебаев, Б.Баймырзаевдер ой-пикирлерин билдирип, эмгектерин жарыялап келсе, К.Мамбеталиев кыргыз сатирасынын эволюциясы тууралуу докторлук диссертация коргогон. Бирок, аталган изилдөөлөр жалпы мүнөздө болгондуктан атайын бир жанрдын контекстинде сатиралык, юмордук элементтерди изилдөө максаты каралган эмес;

Айтыш – аудитория менен түзмө-түз аткарылып, элдин социалдык абалын ырга кошуп, калк көңүлүн көтөрүү, эстетикалык рахат тартуулоо милдетин аркалайт. Мындан улам какшык, кайманалуулук, юмордук чымчыкейлер, достук азил, гротесктик сүрөттөөлөр, ирония, сарказм ж.б. элементтер көркөм ыкма катары көп пайдаланылат;

2. Адат-салт айтыштарынын бадик, жар-жар, акыйнек, табышмак ж.б. түрлөрүндө кордоо, шылдың, мазак, кордоо сындуу сатиранын негизги каражаттарынан куралып, жолдоштук шарш, азил өңдүү сатиранын түрлөрүнүн жаралышын шарттаган;

3. 19-кылымдын аяк жагы 20-кылымдын башындагы айтыштардын мүнөзүнө, айтылуу ыгына, эки акындын талант даражасына ылайык айрымдары жалаң кордоо, мазак түрүндө ырдалса, экинчилери көрөрманга жагымдуу маанай тартуулоо максатында жеңил юмор, жумшак ирония менен

коштолот. Көпчүлүгүндө сарказм, гротеск, какшык, кайманалуулук жана башка сатиралык, юмордук каражаттар синкреттеше бериле берет. Мындай абал айтуучунун сатириктик шыгына, комикалык образдуу ой-жүгүртүүсүнө, юмордук сезимталдык сапаттарына, чыгармачылык чеберчилигине, талант даражасына, өнөр үйрөнүү мээнетине жараша болот;

4. Совет мезгилиндеги айтыштар турмуш талабына ылайык социалдык маанайда болуп, турмуштагы майда, оңой арыла турган кемчиликтерге карата ырдалган шылдың же карама-каршылыгы күчтүү мыскылдуу күлкү менен коштолгон жолдоштук шарш, достук азил түрүндөгү айтыштар басымдуу кылып, ачуу кордоо, келекелөө, мазак түрүндөгү айтыштар аз ырдалат;

Эгемендик мезгилиндеги айтыштарда улуттук дүйнө тааным, саясат, сөз эркиндиги, маданий-социалдык, адеп-ахлактык, нарктык мазмунга багыт алуу менен базар экономикасынын күңгөй-тескейин ырдоодо, өлкөдөгү адаттан тыш жүрүм-турум абалдарды сынга алууда келеке, какшык, кыйытма ой ж.б. сатиралык каражаттар көп колдонулууда.

**ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ ТӨМӨНКҮ ЭМГЕКТЕРДЕ ЧАГЫЛДЫРЫЛДЫ:**

1.Ормонова, С. К. Кыргыз айтыштарындагы юмор менен сатиранын ролу [Текст] / С. К. Ормонова // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2019. – №12. – 173 - 176-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=45652223

2. Ормонова, С. К. Адат-салт айтыштарынын өнүгүшү жана түрлөрү [Текст] / С. К. Ормонова // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2020. – №5. – 186-190-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=45707277

3. Ормонова, С. К. Кыргыз адабиятында сатира жанрынын өнүгүү тарыхы [Текст] / С. К. Ормонова // ALATOO ACADEMIC STUDIES. –2020. – №3. – 262-268-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44451186

4. Ормонова, С. К. Дүйнөлүк адабияттагы сатира жанрынын калыптанышы. [Текст] С. К. Ормонова // ALATOO ACADEMIC STUDIES. – 2020. – №4. – 270-277-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44744127

5. Ормонова, С. К. Акындар айтышындагы сатира жана юмордун берилиши [Текст] / С. К. Ормонова // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2021. №2. – 55-62-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47335384

6. Ормонова, С. К. XIX аягы XX кылымдын башындагы айтыштардын сатиралык мүнөзү [Текст] / С. К. Ормонова // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2021. – №2. – 62-67-бб. https://www. elibrary.ru/ item.asp?id= 47335 385

7. Ормонова, С. К. Эгемендик мезгилдеги айтыштагы сатира менен юмор [Текст] / С. К. Ормонова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2022. – №6. – 342-344-бб. https://www.elibrary.ru/ item.asp?id= 49830089

8. Ормонова, С. К. Совет мезгилиндеги айтыштардагы сатира менен юмор. [Текст] / С. К. Ормонова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана — 2022. – №6. – 345-347-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49830090
9. Ормонова, С. К. Кыз-жигит айтыштарындагы сатира жана юмор [Текст] / С. К. Ормонова // Эл агартуу. – 2023. №5. – 36-38-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=58644883
10. Ормонова, С. К. Акындык өнөрдүн табияты жана кыргыз айтыштарындагы сатира жана юмордун мааниси [Текст] / С. К. Ормонова // Эл агартуу. – 2023. – №5. – 39-43-б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=58644883

**Ормонова Сабиранын “Кыргыз айтыштарындагы сатира жана юмор” деген темада филология илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча жазылган диссертациянын**

## РЕЗЮМЕСИ


**Негизги сөздөр:** азил, айтыш өнөрү, аудитория, акындар чыгармачылыгы, кайманалуулук, какшык, келеке, классикалык айтыш, кордоо айтыш, күлкү, күлкүлүүлүк, мазак, мыскыл, сатира, синкреттүүлүк, советтик идеология, тамаша айтыш, тарбия, шакаба, эгемендик мезгил, юмор ж.б.

**Илимий иштин объектиси:** төкмө акындардын ыр топтомдору, айтыштар топтоштурулган жыйнактар, айтыш сериялары жана айтыш өнөрү жана кыргыз сатирасы, юмору тууралуу илимий эмгектер болду.

**Илимий иштин предмети**: кыргыз айтыштарындагы күлкү жаратуучу жагдайлар, мыскыл, азил, тамаша, шакаба сындуу сатиралык, юмордук каражаттардын көркөм ыкма катары иштелиши болуп каралды.

**Изилдөөнүн максаты:** Айтышта күлкү жаратуучу кырдаалдар, өнөрлөшүн сөздөн чалып, мазактап, кемчилдигин, кеткен каталыгын күлкү менен шардана кылуучу жагдайлар, сатиралык, юмордук элементтер өзгөчө ыкмада колдонулгандыктан өзгөчө жанр катары айтыш өнөрүндөгү сатира менен юмордун көркөм ыкма катары колдонулушун диахрондук аспектте изилдөө болду.

**Изилдөөнүн методдору:** Ишти жазууда фольклор таануу, акындар чыгармачылыгы, адабият таануу илиминдеги буга чейинки кеңири колдонулуп келген тарыхый-обзордук, салыштырма-типологиялык, адабий-теориялык, сюжеттик, поэтикалык талдоо методдору пайдаланылды.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңычылдыгы:** Айтыш өнөрүндөгү, анын ар бир түрүндөгү (бадик, жар-жар, акыйнек, табышмак, алым сабак, акындар айтышы ж.б.) сатира жана юмордук элементтерди аныктап, чыгармачылыктагы көркөм ыкма катары өзгөчөлүктөрүнүн талдоого алгач ирет алынып жатышы иштин жаңылыгын негиздейт.

**Изилдөөнүн колдонуу чөйрөсү жана сунуштар:** жогорку окуу жайларында, орто мектептерде ж.б. билим берүү мекемелериндеги акындар поэзиясы багытындагы сабактарды окутууда колдонулат. Реферат, курстук иш, дипломдук иштерди, окуу куралдарын жазууда материал боло алат.

## РЕЗЮМЕ

**Диссертации Ормоновой Сабиры на тему: “ Сатира и юмор в кыргызских айтышах”, представленной на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.01.01 – кыргызская литература**

**Ключевые слова:** акынское творчество, искусство айтыш, насмешка, издевка, язвительная насмешка, шаржи, шутка, инсказательность, сатира, юмор, классический айтыш, айтыш-осмеяние, шуточный айтыш, смех, смехотворность, советская идеология, эпоха независимости, аудитория, синкретизм, воспитание.

**Объект научной работы:** сборники песен акынов-импровизаторов, сборники айтышей, серии “Айтыш”, научные труды по айтышам и кыргызской сатире и юмору.

**Предмет научной работы**: юмористические и сатирические ситуации в айтышах, использование сатирических и юмористических элементов как художественный прием в айтышах.

**Цель исследования:** исследование в искусстве айтыша сатиры и юмора как художественного приема в диахроническом аспекте.

**Методы исследования:** В процессе написания диссертационной работы использовались широко практикуемые в фольклористике, акынском творчестве, в литературоведении такие методы исследования, как историко-обзорный, сравнительно-типологический, литературно-теоретический, сюжетный и поэтический анализ.

**Научная новизна работы:** В работе впервые исследуются сатирические юмористические элементы в искусстве айтыш, в каждом его виде (бадик, жар-жар, акыйнек, табышмак, алым-сабак, айтыши акынов и др), а также впервые проведен анализ этих элементов как художественный прием творчества, определены их особенности.

**Сфера применения результатов исследования:** Материалы, идеи и выводы диссертации можно использовать в вузах и школах в процессе изучения акынской поэзии, а также при написании рефератов, курсовых и дипломных работ по данному направлению.

## Resume

**Ormonova Sabira's dissertation on the topic: "Satire and Humor in Kyrgyz Aitysh," presented for the degree of candidate of philological sciences with a degree in 10.01.01 - Kyrgyz literature**

**Key words:** Akyn creativity, art of aytysh, mockery, mickey, snarky mockery, cartoons, joke, intelligence, satire, humor, classic aytysh, aytysh-mockery, comic aytysh, laughter, ridiculousness, Soviet ideology, era of independence, audience, syncretism, upbringing.

**The object of scientific work**: collections of songs of akyn improvisers, collections of aitysh, the Aitysh series, scientific works on aitysh and Kyrgyz satire and humor.

**Subject of scientific work:** humorous and satirical situations in aitysh, the use of satirical and humorous elements as an artistic technique in aitysh.

**The purpose of the study:** research in the art of aitysh satire and humor as an artistic technique in the diachronic aspect.

**Research methods:** In the process of writing a dissertation work, such research methods as historical-review, comparative-typological, literary-theoretical, plot and poetic analysis were widely practiced in folkloristics, Akyn work, in literary criticism.

**Scientific novelty of the work:** The work for the first time explores satirical humorous elements in the art of aitysh, in each form (badik, zhar-zhar, akynek, tabyshmak, scarlet-sabak, aitysh akynov, etc.), as well as for the first time analyzed these elements as an artistic technique of creativity, their features are determined.

**Scope of application of the research results:** Materials, ideas and conclusions of the dissertation can be used in universities and schools in the process of studying Akyn poetry, as well as in writing abstracts, coursework and thesis in this area.